# Байтурдун командасы




Автор: Ырысбүбү Итибакунова

Сүрөтчү: Аликбек Темиралиев

# Байтурдун командасы

Автор: Ырысбүбү Итибакунова
Сүрөтчү: Аликбек Темиралиев

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Байтурдун командасы" (кыргыз тилинде), автор Ырысбүбү Итибакунова, сүрөтчү Аликбек Темиралиев

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom




Биздин көчөнүн балдары футболго кызыгышат. Алардын арасында кыздар дагы бар. Балдар өздөрүн "Байтурдун командасы" деп атап алышкан. Байтур Кыргызстандын "Ак шумкар" командасынын оюнчусу Гүлжигит Алыкуловду кумир тутуп, аны туурап ойнойт. Өзүнүн номери да – 17. Ал шаарда жашаган эжесине айтып, футболдук форма алдырып, артына “BAITUR-17” деп жаздырып алган.



– Бай-тур! – деп кыйкырып, балдар анын үйүнө келишти.

– Азыр апама үй жумуштарына жардам берип анан чыгам, – деди Байтур.

– Жиптерди алганды унутпа, – деди Сумая.

– Ооба, мен аларды эбак эле даярдап койгом.



Байтур оюн аянтчасына келди. Оюн аянтчасы деген аты болгону менен ал жерде дарбаза деле жок. Алар белги кылып, эки жагына таштардан коюп алышкан. Албетте, ал футбол дарбазасындай болбойт. Ошондуктан “Байтурдун командасы” бүгүн чогулуп, футбол дарбазасын жасашмак.

Канат, Адил, Малика, Сумаялар үйлөрүнөн казык, күрөк алып келишти.

– Балдар, келгиле, алгач дарбазанын казыктарын жерге орнотуп алалы, – деди Байтур.



– Дарбазанын өлчөмү канчалык болушу керек? – деди Адил.

Баары аны карап калышты. Чын эле, анын өлчөмүн ойлошкон эмес экен.



– Мен билем. Мен интернеттен окугам. УЕФАнын стандарты боюнча дарбазанын узундугу 7,32 м, туурасы 2,44 м болушу керек, – деди Малика.

– Биз УЕФАнын оюнчулары белек, – деп каткырды Адил.

Баары күлүп калышты.

– Биз орточо, стандарттык эмес өлчөмдөгү дарбазаны жасасак болот. Мисалы, узуну 4 м, туурасы 2 м, – деди Байтур.



Баары Байтурдун айтканына макул болушту. Алар казыктарды бирдей өлчөмдө араалап чыгышты. Адил казыктарды жерге кагып жатканда Канат кармап турду. Жер абдан катуу экен. Улам бири менен кезектешип жатып казып бүтүштү. Каптал жана үстүңкү казыктар кадалып бүткөндөн кийин, бардыгы жипти казыктарга байлап, тор түйүп башташты. Балдар тор түйгөндү “көркөм өнөр” ийриминен үйрөнүшкөн. Анын пайдасы минтип дарбаза жасоого тийип жатат. Ошентип эки тараптагы футбол дарбазасын жасап бүтүштү.

Чыныгы дарбазага окшошпосо да, балдар жасаган дарбаза ташка караганда сонун көрүнүп калды.



– О-оо! Азаматтар! Дарбазаны өзүңөр орнотуп койдуңарбы? Араңардан  келечекте чыгаан футболисттер чыгат го. Дайыма спорт менен машыгып, футбол ойногонуңар эң жакшы. Футбол оюну бүткүл дененин, өзгөчө, буттун булчуңдарынын өсүшүнө жардам берет. Жүрөк кан-тамыр жана дем алуу системасын чыңдайт. Мындан сырткары, адамды эрктүүлүккө, шамдагайлыкка, чыдамдуулукка тарбиялайт, –  деди балдардын аракетин көрүп калган дене тарбия мугалими Деңиз агай.

– Ооба, агай. Биз күндө кечинде келип ойноп жатабыз. Дарбаза жок болчу, өзүбүз жасап алдык. Азыр тегерек-четин тазалап, талааны тегиздеп, белгилерди коюп алабыз, – деди Байтур.

– Азаматтар! Мен да келип, машыгууңарга жардам берип турам, – деди агай балдарга ыраазы боло.



Бир күнү Байтурдун командасы башка көчөнүн балдары менен мелдешти. Оюнга ата-энелери, классташтары, айылдын күйөрмандары да келип сүрөп жатышты.

Оюнга коюулуучу байгелерди ата-энелер каржылашты. Жыйынтыгында 6:3 деген упай менен Байтурдун командасы утушка ээ болуп, футбол тобун жана бирден балмуздак алышты.



Байтур өзү кумир туткан футболчулардын оюндарын үзбөй көрүп турат. Ал кыргызстандык футболисттерден баштап, дүйнөлүк футболисттерге чейин баарын билип алган. Өзүнүн бөлмөсүнө алардын сүрөттөрүн илип койгон. Ал келечекте спорттук мектепте окуп, машыгуусун андан ары улантууну максат кылып жатат.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Ырысбүбү Итибакунова
Сүрөтчү: Аликбек Темиралиев

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли